Кабылова Света Амантуровнанын «**Информатиканы окутуунун теориясы жана методикасы курсун окутууда студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун технологиясы**» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине илимий жетекчисинин

## ПИКИРИ

Кабылова Света Амантуровна С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетин аяктап, математика жана информатика адистигине ээ болгон. Ал көп жылдан Кыргыз улуттук университетинде информатика курсун окутуп келүүдө. Ал студенттерге сабак берүү менен бирге алардын изилдөөчүлүк билгичтиктерин калыптандыруу жаатында да талыкпай эмгектенип келет. Информатиканы окутуунун методикасы проблемалары боюнча ал бир канча макалаларын жарыялаган.

Анын илимий кызыгуулары болочок информатика мугалимдеринин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу проблемаларына арналган. Бул багытта ал 2019-жылдардан тартып өз изилдөөлөрүн журналдарга макалаларын жарыялоодон баштаган. 2020-жылы аспирантурага тапшырып, бил багытта кесипкөйлүк менен кирише баштаган. Бул багытта ал чет элдик жана ата мекетндик окумуштуулардын эмгектерин окуп үйрөнүп, жогорку окуу жайларында бул проблема боюнча иликтөө иштерин аткарып, эксперименталдык изилдөөлөрүн жүргүздү.

С.А. Кабылова өз изилдөөсүнөн алынган натыйжалар боюнча педагогикалык коомчулук менен ой бөлүшүп, илимий конференцияларда докладдарды жасады, Кыргызстандын маанилүү илимий басылмаларында макалаларын жарыялады.

С.А. Кабылованын диссертациялык изилдөөсүндө коюлган максат жана милдеттер толугу менен аткарылды, алынган теориялык жоболору, методикалык сунуштары эксперименталдык иликтөөлөр аркылуу такталып, эффективдүүлүгү аныкталды.

Жыйынтыгында айта кетүүчү нерсе, С.А. Кабылованын «Информатиканы окутуунун теориясы жана методикасы курсун окутууда студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун технологиясы » аттуу 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу)

адистиги боюнча даярдалган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарына жооп берет жана изденүүчүгө 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгаруу үчүн коргоого сунуштоого болот.

**Илимий жетекчи,**
**п.и.д., профессор, Эл аралык Ала-Тоо университетинин илимий иштер боюнча проректору** **С.Калдыбаев**

Тастыктайм
Атабаева А.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
HUMAN RESOURCES